КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ

"КЕҢЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ" МЕКЕМЕСИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН

УЧРЕЖДЕНИЕ "АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КЕНЕШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА"

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**12-сентябрь 2025-жыл № 9** **Совет айылы**

**"Кеңеш айыл өкмөтүнүн аймагындагы алыскы жана жакынкы жайыттарды пайдалануу үчүн мал-жандыктардын баасын бекитүү жөнүндө"**

Кеңеш айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 12-сентябрындагы № 01-17/575 сандуу катынын негизинде, Кыргыз Республикасынын "Жайыт пайдалануучулар жөнүндө" Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Бюджет Кодексине ылайык, Кеңеш айыл аймагындагы жайыттарды натыйжалуу пайдалануу, мал-жандыктарды адилет баада жайытка чыгарууну камсыз кылуу максатында Кеңеш айылдык Кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз XI-сессиясы угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. Кеңеш айыл өкмөтүнүн аймагындагы алыскы жана жакынкы жайыттарды пайдалануу үчүн 2025-жылга карата мал-жандыктардын баалары төмөнкүдөй өлчөмдө бекитилсин.
   Алыскы жана жакынкы жайытка бир баш жылкыга 150 (бир жүз элүү) сом;
   Алыскы жана жакынкы жайытка бир баш кара малга 150 (бир жүз элүү) сом;
   Алыскы жана жакынкы жайытка бир баш кой-эчкиге 30 (отуз) сом;

2. Жайыттарды пайдалануу үчүн бекитилген төлөмдөр Кеңеш айыл өкмөтүнүн эсебине түшүрүлүп, жайыттарды көрктөндүрүү, оңдоо жана тейлөө иштерине багытталсын.

3. Токтомдун мыйзамдуу аткарылышын Кеңеш айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Турдукуловко жана жайыт боюнча башкы адис Э.Абдулакимовко милдеттендирилсин.

4. Токтом Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары жөнүндөгү" Мыйзамына ылайык Кеңеш айыл өкмөтүнүн расмий WEB сайтына жарыялансын.

5. Токтомду көзөмөлдөө жагы Кеңеш айылдык Кеңешинин төрагасынын орун басарлары Э.О.Моровко жана Б.К.Матишевке жүктөлсүн.

**Төрага** **С.К.Сатаров**